УДК 371.3:8-14

Өмүрзакова К.К., Жумашова Н.А.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫЗДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАР – БААЛУУЛУКТУН БАШКЫ БУЛАГЫ

*Бул макалада жаш муундарды, т.а., кыздарды тарбиялоодо элдик оозеки чыгармачылыктын тийгизген таасири, анын баалуулугу жөнүндө сөз болот.*

Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын изилдениш тарыхы эки кылымга жакын мезгилден бери окумуштуулар дүйнөсүндөө ар түрдүү пикирлерди пайда кылып келе жатат. Элдик оозеки чыгармалардын энциклопедиялык мааниси, сүрөттөлгөн окуялардын жана камтылган окуяларынын көп катмарлуулугу, элдин узак тарыхы менен терең байланыштуулугу, көркөмдүк жагынан алганда, анын кайталангыс өөзгөчөлүгү, образдар системасынын монументалдуулугу, тематикалык жактан кенендиги, идеялык тереңдиги, реалисттик жана мифологиялык–фантастикалык элементтердин чебер синтезделиши, тилдин байлыгы жана өөсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодогу ролу жөнүндөө ар түрдүү багытта сөз болуп келген. Биз мына ушул багыттардын ичинен акыркы жагдайдын бир бөлүгү болгон элдик оозеки чыгармачылыктын азыркы мезгилде, айрыкча, өөсүп келе жаткан жаш муундардын ичинен кыздарды тарбиялоодогу ролуна токтолмокчубуз. Анткени бүгүнкү күндөгү кыргыз элинин коомчулугун өөтөө тынчсыздандырган проблемалардын бири болуп өөсүп келе жаткан жаш муундагы кыздардын коомдук көз карашы саналат. Узак жылдар бою элибизге жат идеологияны пропагандалап, өз атабызды “папа”, энебизди “мама” деп, өз эркиндигибизди алган жылдары жаш муундарды тарбиялоодо идеологиялык боштук болуп, республиканын жаштарын ар түрдүү диндик конфессиялардын өөкүлдөрү өз билген “намаздарын окуп”, өз динине буруууга аракет жасап жатышат.

Кыргыз эли өөзүнүн көп кылымдык жашоо тарыхында башка элдерге салыштырмалуу аялзатына өөтө аяр мамиле жасашкан, анткени биздин элде аял тынчтык күндөрү очоктун ээси, эл башына кыйынчылык күн түшкөндөөбаатыр жоокер да боло алган. Муну биз элдик каада–салт болгон боз үйдүн бөлүнүшүнүн эле байкасак болот. Эркектерге тиешелүү жагында ат жабдыктары турса, аялзатына тиешелүү жагында тамак–аш, казан аяк, сабаада кымыз, суусундуктары ж. б. турат. Боз үйдүн босогосунан баш баккан адамдар сөзсүз түрдөөаялдарга, энелерге караштуу (бөлүмүнө) жагына өзгөчө маани беришет.

Ал эми кыргыз элинде келген мейманга биринчи кезекте суусундук берилет (кымыз, айран, ж.б.). Демек, “Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал” деген элдик макалыбыздын түпкү маани маңызы түшүнүктүү го дейбиз.

Элдик оозеки чыгармачылыкта мейли дидактикалык чыгармаларда болсун, мейли лирикалык чыгармаларда болсун, мейли эпикалык чыгармаларда болсун, аялзат темасына кеңири көңүл бурулат. Мисалы, дидактикалык чыгарма - коомдук турмуштун материалдык зарыл талаптарынын негизинде пайда болгон чыгарма. Кыргыз элинин дидактикалык чыгармаларында айрыкча кыздар темасына кеңири орун беришкен. “Кыз төрөлсө, кырк жылкы” дешкен. Мында байлык экинчи пландагы гана нерсе, башкысы байыркы жоокерчилик заманда уруулардын бирин-бири колдошу биринчи планга чыккан, себеби экинчи бир

макалга көңүл буралы: “Дос айрылат, сөөк кайрылат”, “Кызды сураганга бер, кымызды ичкенге бер”. Демек, кыз төрөлгөндөөошол тарап мезгили келгенде ишеничтүү колдоочусу болоруна сүйүнүшкөн. Ал эми “Кыз балага кырк жерден тыюу”, “Кыздуу үйдөөкыл жатпайт” деген макалдар кыздарды тарбиялоого ата–эненин канчалык деңгээлде көңүл бөлгөнүн айгинелеп турат. “Кыздын кырк чачы улуу”, “Жакшы кыз – жакадагы кундуз” деген макалдарыбызда үйдүн куту апаларыбыздын, аялзатынын кыргыз элинде ээлеген орду бийик, баа жеткис экендигин далилдейт. Эми жогорудагы макалдарда айтылган асыл сапаттарга татыктуу жаш муундагы кыздарды тарбиялоодогу максаты, мааниси, албетте, абдан чоң экендигин дагы бир жолу бекемдейт. Көркөм адабият сабагында болсун, тарбиялык саатта болсун, дегеле кайсыл сабак болсо да предмет аралык байланыштырып, кыргыз элинин айтылуу Алай ханышасы Курманжан датка, Жаңыл Мырза, Айчүрөк, Каныкей жана башкалардын мисалында кыздарды тарбиялоодо мааниси чоң«Кыз намысы - эл намысы» деген накыл кептер дагы бекеринен чыкпаса керек. Үй-бүлөдө болобу, коомдо болобу, коломтону бекем сактаган, кыйынчылыктарды багындырган - мына ушул аялзаты. Ошондуктан, айрыкча, кыздарга кичинекей кезинен баштап ата-энесинен, орто мектептерден бекем тарбия берип, өөзүнүн келечекке болгон көз карашын улуттук менталитетибизге ылайык калыптанышына көмөк түзүү үй-бүлө менен билим берүү мекемелерине, коомго мүнөздүү.

Элдик лирикалык чыгармалар адабиятты окутуунун ортоңку баскычында сунушталат. Ортоңку баскычта лирикалык чыгармаларды окутууда окучуулардын ички эмоционалдык сезимин өнүктүрүп, келечектеги турмуш куруу жолуна даярдоого арналат. Ошондуктан лирикалык чыгармаларды окутууда айрыкча кыз балдар өзүнүн келечек турмушуна терең көз караште болуп, тышкы сулуулук менен ички баалуулукту ажырата билүүгө үйрөтүү зарылчылыгы келип чыгат. Мисалы, эпикалык лирикалык чыгармалардын океаны болуп эсептелген ”Манас” эпосунда башкы каарман Каныкейди:

“Салып жүрүп там кылган
Сайып жүрүп бак кылган,
Кара сурдун сулуусу
Аялзаттын улуусу” – деп сүрөттөп,

Манас баатыр жар тандоодо сулуулугун эмес акылмандуулугун, ишмердүүлүгүн биринчи планга койгон. Айкожо Каныкейди “Эч жеринде кеми жок экен, эркек болсо, он сегиз миң ааламга тутка болчу неме экен”, - деп сын берет. “Кыз да болсо, кылым чайкап журт бузган Каныкей”:

Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын паашасы” – деп мүнөздөлөт.

Манас эпосунда Манас баатыр кандай негизги мааниге ээ болсо, Каныкей да ошого барабар, башкача айтканда, Манастын балалык чагы, алгачкы баатырдык иштери гана Каныкейсиз сүрөттөлөт. Манас баатырдын башына кандай гана мүшкүл иш түшпөсүн, Каныкейдин билгичтиги менен кыйынчылыктан аман-эсен чыгат. Мисалга бир эле окуяны алып көрөлү. Көзкамандар Манасты уландырганда, Каныкей кыраакылыгы менен Манасты ала качып аман алып калат. Ал эми 40 чоросу менен бирге жоого аттанаарда Манаска (40 чоросуна да) согушка кийчү кийим-кече, жабдыктарын даярдайт. Демек, Каныкейдин

сарамжалынын келечектеги үйдүн куту, берекеси болуучу жаш муундагы кыздар үчүн тарбиялык маанисинин тереңдигин эч кимибиз тана албайбыз.

Элдик эпикалык чыгармаларда жеке эркектер жар тандабастан, кыздар дагы өз теңин өз ыктыяры менен тандап, бактылуу үй–бүлө курган учурлар кеңири кездешет. Дал ушундай сюжеттик окуялар кыргыз элинин эң байыркы деп аталган кенже эпосторунун бири "Эр Төштүк" эпосунда да жолугат. Чыгарманын башкы каарманы Төштүк жер алдына түшүп, ылжыраган таз кейпинде уй кайтарып жүргөндө, Көкдөөнүн кызы Гүлайым да өз теңи катары ошол ылжыраган тазды тандайт:

Чубатууга салды эле,
Кандын кызы Гүлайым
Колундагы алмасын,
Барган тазга салды эле,
"Кандын кызы жаңылды",
Баары журттун баарысы,
Чурулдашып калды эле.

"Эр Төштүк" эпосунда Көкдөөнүн кызы Гүлайым атасынын кайра–кайра элди чубатууга салганына карабастан, ылжыраган уйчу тазды тандайт. Ошондо Көкдөө:

"Ырыскы тууган кулунум,
Тазга тийчү бул беле?
Таз алуучу кул беле?" – деп кызы Гүлайымга нааразы болот.

Чындыгында, Гүлайым ошончо элдин ичинен ашкере баатыр, ары акылман, эл камын ойлогон Төштүктү тунук акылы менен тандайт. Күйөө тандоонун расмий мындай салттары жеке эле кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларында гана жолукпастан, бир тууган боордош элдердин элдик оозеки чыгармаларында да кеңири таралган мотив болуп саналат.

Түрк элдеринин элдик оозеки чыгармаларын изилдеп үйрөнгөн фольклористтер чыгармадагы Зулайканын өзүнө тең келе турган түбөлүктүү теңин табуу үчүн кылган аракетин энелик–матриархаттык уруулук түзүлүштүн дооруна, аялдардын үй-бүлөлүк ролунун эң жогорку чегине жеткен мезгилге таандык экендигин ачык көрсөтүшүүдө.

Чындыгында эле, Зулайка Кожожаштын тышкы кийген кийимине карабай, анын эл баккан жар болорун акылы менен туят:

"Көк жекеден көп өйдө,
Көрөмүн бутта чарыкты.
Көк жалды кылбайм айырбаш,
Көчөдө бүтүн калыкты"- деп, Кожожаштын эл баккан көзгө атар мерген экендигин жактырып күйөөгө чыгат.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы аялзаты, эне, кыздарга арналган макалдар, оозеки чыгармалардын бардык түрлөрүндө узак убакыттан бери кыргыз элинин жашоосунда көркөм-эстетикалык гана эмес, идеялык, тарбиялык милдетти аткарып, коомду, келечекте жаш муундарыбыздын турмушту таанып билүүсүнө өтө мааниси чоң.

Элдик оозеки чыгармаларда кыздарды келечектеги турмуш жашоого тарбиялоодо эң башкы маани бөлүнгөндүгүн билебиз. Анткени, ошол убактагы элдин жашоо-шарты коомдук саясий турмушу элдин келечек жашоо турмушунда кыздардын ээлеген орду балдарга караганда алда канча маанилүүрөөк экендигин

түшүндүрүүгө болот. Жыйынтыктап алганда, дүйнө элдеринин ичинен элдик оозеки чыгармачылыкка бай болгон кыргыз элинде бул маанилүү баалуулукка баа берүү бекеринен болбосо керек. Себеби, биринчиден ошол мезгилдеги көчмөн элдин жашоо турмушундагы эртеңки күндөгү жашоо турмушунун келечеги аялзатка байланыштуу болгонунда. Экинчиден, коомдук жашоо турмуштагы аялзаттын ролу айрым учурларда эркектерге караганда алда канча баалуу экендигин бүгүнкү күндөгү жаш муундарга жеткире билүү максатында турат.

**Адабияттар:**


1. “Манас” эпосу. Кошмо вариант. – Ф., 1957-1958.
2. “Эр Төштүк” I том. Эл адабияты сериясы.
3. “Кожожаш” I том Эл адабияты сериясы.
4. Жусупбеков А. Жеңижок. -Бишкек, 2006.
5. Бекембай Апыш Жалпы дидактиканын негиздери. – Фрунзе: Мектеп, 1991.